**Независимый институт аккредитации, рейтинга и сертификации**
**Аккредитация, рейтинг жана тастыктоочу коз карандысыз институту**
**Independent Institute of Accreditation, Rating and Certification**

**МАКУЛДАШУУ**:
Аккредитациялык кеңештин төрагасы
_____________ п.и.д. Колбаев К.Б

Протокол №4 от 21.08.2025-ж.

**БЕКИТЕМ**:
АРТКИ Директору
_____________ Кошоева Б. Б

Буйрук №2/001 от 21.08.2025-ж.

# Орто кесиптик окуу жайларынын негизги кесиптик билим берүү программаларын программалык аккредитациялоонун СТАНДАРТТАРЫ

Бишкек 2025

Көз карандысыз аккредитация, рейтинг жана тастыктоо институтунун Эксперттик кеңеши тарабынан сунушталган

*Рецензенттер:*

- *Н.К.Расулова, э.и.к., КЭУ ИИУнун доценти, АРТКИнин эксперти*
- *М.К.Чимчикова, т.и.к., КМТУнун доценти, АРТКИнин эксперти*

Орто кесиптик окуу жайларынын негизги кесиптик билим берүү программаларын программалык аккредитациялоонун стандарттары / Түзүүчүлөр.: Б.Б. Кошоева, А.Р.Абдылдаева, Э. Жениш кызы. – Бишкек, 2025. – 14 б.

Бул стандарттар статусуна, уюштуруу-укуктук формасына, ведомстволук баш ийүүсүнө жана менчигинин түрүнө карабастан орто кесиптик билим берүү уюмун программалык аккредитациялоонун тартибин даярдоого жана ишке ашырууга карата талаптарды аныктайт.

©АРТКИ, 2025

©Кошоева Б.Б.

© Абдылдаева А.Р.

© Жениш кызы Э.

**МАЗМУНУ**


1. Колдонуу чөйрөсү 5
2. Нормативдик шилтемелер 5
3. Терминдер жана аныктамалар 5
4. Белгилер жана кыскартуулар 7
5. Программалык аккредитацияны өткөрүү процедурасы 8
6. Стандарттар 10

Стандарт 1 “Билим берүү программалары»

Стандарт 2 «Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу»

Стандарт 3 "Окуучуга багытталган окутуу жана билим алуучуландын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо"

Стандарт 4 «Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал»

Стандарт 5 «Материалдык жана маалыматтык ресурстар»

7. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби 14
8. Адабият 14

**Кириш сөз**

1. "Аккредитация, рейтинг жана тастыктоо көз карандысыз институту" (АРТКИ) коомдук фонду тарабынан иштелип чыккан жана киргизилген.
2. 21.08.2025жылы АРТКИ КФнын директорунун № 2/001 буйругу менен бекитилген жана күчүнө кирген.

Бул стандарт "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 "Билим берүү тармагындагы аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү тууралуу" токтомунун ченемдерин ишке ашырат.

# НЕГИЗГИ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ПРОГРАММАЛЫК АКРЕДИТАЦИЯНЫН СТАНДАРТАРЫ ЖАНА КРИТЕРИЙЛЕРИ

## Негизги жоболор

## 1. Колдонуу чөйрөсү

1.1 Бул стандарттар ОКОЖдун НКББП программалык аккредитациясын өткөрүүнү жана орто кесиптик окуу жайларына талаптарды аныктайт.
1.2 Бул стандарттар ОКОЖдун статусуна, уюштуруу-укуктук формасына, ведомстволук баш ийүүсүнө жана менчигинин түрүнө карабастан, НКББП программалык аккредитациялоо процедурасын жүргүзүүдө колдонулат.
1.3 Бул стандарттар билим берүү программаларын ишке ашыруучу орто кесиптик окуу жайларга тиешелүү.

## 2. Нормативдик шилтемелер

Бул стандартта төмөнкү ченемдик документтерге шилтемелерди колдонот:
2.1 Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы № 179 “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамы.
2.2 2021-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы.
2.3 2021-2040-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы.
2.4 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майдагы № 200 “Кыргыз Республикасында 2021-2040-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү программасын бекитүү тууралуу” токтому.
2.5 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майдагы No 246 “Билим берүү тармагындагы аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү тууралуу” токтому.
2.6 Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты.

## 3. Терминдер жана аныктамалар

Бул колдонмодо "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана билим берүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык терминдер жана аныктамалар колдонулат.

Аларга кошумча ушул стандарттарда төмөнкүдөй аныктамалар белгиленген:

**Аккредитация** - билим берүү уюмунун же анын айрым билим берүү программаларынын деңгээлин аккредитациялык агенттик тарабынан баалоонун жол-жобосу, анын жүрүшүндө билим берүү уюмунун же билим берүү программасынын белгилүү бир критерийлерге жана стандарттарга ылайык келиши таанылат.

**Программалык Аккредитация** - билим берүү уюмунун айрым программдарынын белгилүү бир критерийлерге жана стандарттарга ылайыктуулугун баалоо жол-жобосу.

**Европалык кредит которуу жана топтоо тутуму** (European Credit Transfer and Accumulation System - ECTS) - берилген окуу натыйжаларына жетишүү үчүн зарыл болгон студенттин окуу жүктөмүнө негизделген система. Нормага ылайык, 60 кредит бир окуу жылында студенттин толук окуу жүктөмүнө туура келет.

**Билим берүү программаларынын сапаты -** Окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн компетенттүүлүк деңгээлинин билим берүү стандарттарын ишке ашыруучу уюм тарабынан белгиленген билим берүү стандарттарынын талаптарына жана кошумча талаптарга ылайык келиши.

**Компетенттүүлүк** - белгилүү бир чөйрөдө анын натыйжалуу жемиштүү иши үчүн зарыл болгон окуучуну (окуп жаткан адамды) билим берүүгө даярдоонун алдын ала белгиленген социалдык талабы (ченеми).

**Студенттерди окутуунун акыркы натыйжалары** - бул программанын аягында студенттер ээ болууга тийиш болгон компетенциялардын, билимдердин жана жөндөмдөрдүн жыйындысы.

**Кредит (зачеттук бирдик) -** студенттин жүгүн мүнөздөө үчүн дисциплинанын бирдиктерине туура келген сандык маани, аны аяктоонун зарыл аты жана ОКОЖдо толук жылдык академиялык окууну аяктоо үчүн жалпы ишке карата ар бир курс боюнча зарыл иштин көлөмүн чагылдырат. ECTS кредитти керектүү иштиатка ргандан кийин жана жетишилген окуу натыйжаларына ылайыктуу баа алгандан кийин гана алууга болот.

**Модуль** - билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу дисциплинасынын бир бөлүгү, билим берүүнүн, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык аяктоону талап кылат.

**Билим берүү кызматтарынын мониторинги -** билим берүү иш-аракеттеринин процесстери жана проценти жөнүндө маалыматтарды чогултуу жана талдоо.

**Негизги кесиптик билим берүү программасы** - даярдоонун тиешелүү багыты боюнча билим берүү процессинин максаттарын, күтүлгүчү натыйжаларын, мазмунун жана ишке ашырылышын жөнгө салуучу окуу-методикалык алдын-ала божомолдоонун жыйындысы.

**Керектөөчү** - продукция же кызмат алуучу уюм же адам (окутуп-үйрөтүүчүлөр, алардын ата-энелери, иш берүүчүлөр, мамлекет).

**Тышкы аудиторлор комиссиясы тарабынан ОКОЖго баруусу** – аккредитациялоо процессинин жалпы кабыл алынган бөлүгү болуп саналган тышкы баалоонун компоненти. Тышкы аудиторлор-эксперттер ОКОЖдун өзүн-өзү баалоо материалдарын текшерүү, профессордук–окутуучулук курам, студенттер, кызматкерлер менен маектешүү жана көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жана натыйжалуулугун баалоо, ошондой эле аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды берүү үчүн орто кесиптик окуу жайына барышат. Баруунун натыйжасы болуп орто кесиптик окуу жайдын аудити боюнча отчет эсептелет;

**Жол-жобосу** - ишти же процессти жүзөгө ашыруунун белгиленген ыкмасы.

**Процесс** -"кирүүлөрдү" "чыгууларга"айландыруучу ишмерлердин өз ара байланышкан жана өз ара аракеттенүүчү түрлөрүнүн жыйындысы.

**Окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасы / модулу боюнча окутуунун натыйжасында алынган компетенциялар.

**Сапат системасы** - белгиленген эрежелер жана кабыл алынган усулдар менен сапат менеджментинин белгилүү бир функцияларын аткарган жана билим берүү программасынын бардык бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик стандарттарга ылайык белгиленген талаптарга жооп берүүсүн камсыз кылган уюмдагы жол-жоболордун, бөлүмдөрдүн жана кызмат адамдарынын жыйындысы.

**Аккредитациялоо стандарттары** - аккредитациялоо жол-жобосуна талаптарды белгилөөчү аккредитациялык органдын документтери.

**Керектөөчүлөрдүн канааттануусу** - керектөөчүлөрдүн алардын талаптарын аткаруу даражасын кабыл алуусу.

**Натыйжалуулук** - жетишилген натыйжа менен колдонулган ресурстардын ортосундагы катыш.

## 4. Белгилер жана кыскартуулар

Ушул колдонмодо төмөнкү белгилер жана кыскартуулар колдонулат:

**КР** - Кыргыз Республикасы;

**КР БИМ** - Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги;

**АК** - аккредитациялык кеңеш

**АРТКИ** - аккредитациялоонун, рейтингдин жана сертификациялоонун көз карандысыз институту;

**ОКОЖ** – орто кесиптик окуу жайы;

**ИИИ** – илимий изилдөө иштери;

**МКТ** – маалымат коммуникациялык технологиялар

**НКББП** – негизги кесиптик билим берүү программасы;

**ОК** – окумуштуулар кеңеши

**ОКК** – окуу көмөкчү курамы

**ОМБ** – окуу методикалык бирикме
**ПОК** - профессордук-окутуучулук курам;
**ТЭК** - тышкы эксперттик комиссия;
**ECTS** - европалык кредиттик которуу жана топтоо тутуму;
**ESG** – жогорку билим берүүнүн Европа мейкиндигиндеги сапат кепилдиги үчүн кабыл алынган стандарттары жана сунуштамалары;
(European Standards and Guidelines)

## 5. Программалык аккредитацияны өткөрүү процедурасы

**Негизги жоболор**

5.1 ОКОЖ тарабынан программаны аккредитациялоого арыз берүү, укук жана уруксат берүүчү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет.
5.2 Билим берүү уюмунун арызын АРТКИ тарабынан карап чыгуу.
5.3 ОКОЖ үчүн НКББП программалык аккредитация процедурасын баштоо чечимин АРТКИ кабыл алынат. АРТКИ менен ОКОЖ ортосунда аккредитациялоо боюнча келишим түзүү.
5.4 Билим берүү уюмунун жана АРТКИнин жетекчилиги программаларды аккредитациялоонун теориясы, методологиясы жана технологиясы боюнча атайын семинарларда билим берүү уюмунун ички эксперттерине программаларды аккредитациялоонун критерийлерин жана тартибин түшүндүрүү боюнча тренингдерди уюштурат.
5.5 Билим берүү уюму тарабынан АРТКИ тарабынан белгиленген талаптарга ылайык өзүн-өзү баалоо жүргүзүү жана өзүн-өзү баалоо боюнча отчетту (орус же кыргыз тилдеринде) электрондук түрдө жана ар бир тил үчүн кагаз жүзүндө 1 нускада АРТКИге жөнөтүү.
5.6 ОКОЖдун НКББПнын өзүн-өзү баалоо отчетун талдоонун негизинде АРТКИ төмөнкү чечимдерди кабыл алууга укуктуу:
- өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттун материалдарын тактоо зарылдыгы боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- тышкы эксперттик баа берүүнү жүргүзүү;
- өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттун ушул стандарттардын критерийлерине ылайык келбегендигине байланыштуу программаны аккредитациялоо жол-жобосун жүргүзүү мүмкүн болбогондуктан, аккредитациялоо мөөнөтүн кийинкиге калтыруу.
5.7 Аккредитациялоону улантууда АРТКИ тышкы эксперттик комиссияны (мындан ары - ТЭК) түзөт, аны ОКОЖдун НКББПнын ишин баалоону жүргүзүү үчүн АРТКИнин директору бекитет. Анын курамына Кыргыз Республикасынын академиялык коомчулуктун өкүлдөрү, иш берүүчүлөрү жана окуучулары кирет.
5.8. Аккредитациялоону улантууда АРТКИ билим берүү уюму менен программаны аккредитациялоонун мөөнөттөрүн жана ТЭК визитинин

программасын макулдашат.
5.9. Комиссиянын иш сапарынын узактыгы адатта 2-3 күндү түзөт. Сапардын жүрүшүндө ОКОЖ кызмат көрсөтүү боюнча келишимине ылайык ТЭКтин иши үчүн шарттарды түзөт:

- комиссиянын ар бир мүчөсүнө өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттун электрондук жана кагаз версиясын берет;
- ТЭК мүчөлөрүн керектүү оргтехника менен камсыздайт;
- ТЭКтин иш сапарынын программасына ылайык инфраструктураны жана ресурстарды текшерүүнү, жолугушууларды, сурамжылоолорду, интервьюларды жана ТЭКтин ишинин башка түрлөрүн уюштурат;
- суралган маалыматты берет;
- ТЭКтин ишин фото жана видео тасмага тартууну уюштурат;
- Визиттин аягында билим берүү уюмдарынын кыскача баяндамасын жана ТЭК визитинин жүрүшү жөнүндө маалыматты камтыган АРТКИ АКтин отурумуна видеотасманы даярдайт.

5.10 Визиттин аягында тышкы эксперттик комиссия негизги билим берүү программаларын баалоо боюнча отчетту жана ТЭК визитинин жүрүшү жөнүндө презентацияны даярдайт.
5.11 Отчетто ТЭК сапарынын сыпаттамасы, АРТКИ стандарттарынын критерийлери боюнча университеттин иш-аракеттеринин ылайыктуулугуна кыскача баа берүү, университеттин ишмердүүлүгүн жакшыртуу жана сапатын камсыз кылуу боюнча сунуштар жана Аккредитациялык кеңешке сунуштар камтылган. Аккредитациялык кеңешке сунуштар университеттин статусу (аккредитациялоо/аккредитациядан өтпөө) жана аккредитациялоонун сунушталган мөөнөтү боюнча сунушту камтыйт.
5.12 ТЭКтин отчету, анын ичинде сунуштар ТЭК мүчөлөрү тарабынан жамааттык түрдө иштелип чыгат.
5.13 Аккредитациялык кеңеш тарабынан программаны аккредитациялоо жөнүндө чечимди кабыл алуу үчүн негиз болуп ОКОЖдун НКББПнын ишин баалоо жөнүндө отчет жана билим берүү уюмунун ишмердүүлүгүнө өз алдынча баа берүү жөнүндө отчет саналат.
5.14 ТЭКтин Төрагасы ТЭК визитинин жыйынтыгы боюнча Аккредитациялоо кеңешинин алдында сүйлөйт. Объективдүү себеп болгон учурда АРТКИнин директору ТЭКтин мүчөсүн АКнын отурумуна баяндама менен катышууга дайындайт. ТЭКтин төрагасын алмаштыруу АРТКИ директорунун буйругу менен жол-жоболоштурулат.
5.15 АРТКИ АКтин өзгөчө компетенциясына ОКОЖдун НКББПны аккредитациялоо же аккредитациялоодон баш тартуу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу кирет. Аккредитациялык кеңештин курамы анын иши жөнүндө жобого ылайык аныкталат. Жыйын кворум болсо өткөрүлөт. Аккредитациялык кеңеш тышкы эксперттик комиссиянын сунуштарына ылайык келбеген жүйөлүү чечимди кабыл алууга укуктуу.

Аккредитациялоо кеңеши төмөнкүдөй чечимдерди кабыл алат:
- аккредиттөө:
  - 5 жыл – бардык аккредитация стандарттарын сактоо шартында;
  - 3 жыл – бир аккредитация стандартына ылайык келбеген шартта;
  - 1 жыл – аныкталган кемчиликтерди жана аларды өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрүн жоюу талабы менен аккредитациялоонун эки стандарты сакталбаган учурда;
- аккредиттөөгө болбойт - экиден ашык аккредитациялык стандарттарга ылайык келбеген учурда.

5.16 АРТКИ чечимдин жыйынтыгы менен расмий катты жана негизги билим берүү программаларын аккредитациялоо жөнүндө сертификатты АРТКИнин директору кол койгон билим берүү уюмуна жөнөтөт. Андан кийин НКББПны аккредитациялоо жөнүндө чечим Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине жөнөтүлөт жана АРТКИ сайтына жайгаштырылат. Тышкы эксперттик комиссиянын корутундусу да сайтка жайгаштырылат.

Негизги кесиптик билим берүү программасына аккредитациядан өткөндүгү тууралуу күбөлүк алгандан кийин өзүнүн сайтында өзүн өзү баалоо боюнча отчет жарыялайт.

5.17. Эгерде Аккредитациялык Кеңеш терс чечим кабыл алса, АРТКИ кабыл алынган чечим менен билим берүү уюмуна кат жөнөтөт.

5.18. Билим берүү уюму Кызмат көрсөтүү келишимине жана Апелляцияларды жана даттанууларды кароо боюнча комиссия жөнүндө жобого ылайык белгиленген тартипте Аккредитациялоо кеңешинин чечимине даттанууну АРТКИге жөнөтө алат. Тышкы эксперттик комиссиянын жана Агенттиктин өкүлдөрүнүн компетенциясына шектенүү жаралса, же тышкы эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан одоно бузууга жол берилсе, билим берүү уюму АРТКИге даттануу менен кайрыла алат.

## 6. СТАНДАРТТАР

### Стандарт 1 «Билим берүү программалары»

НКББПны ишке ашыруу билим берүү деңгээлдеринин квалификациялык алкактарына ылайык келген келечектеги адистердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга жана рыноктун керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган. Билим берүү программасын ишке ашыруунун максаты - келечектеги адистердин квалификациялык талаптарга жооп берүүдө кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана өлкөнүн эмгек рыногунун керектөөлөрүн канааттандыруу. ОКОЖ ар кандай формаларга, деңгээлдерге жана колдонулган технологияларга, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо форматына карата өзүнүн талаптарын аныктоого тийиш. НКББПнын мониторинги жана мезгил-

мезгили менен баалоо НКББПнын максаттарына жетүүгө, окутуунун пландаштырылган натыйжаларын толук калыптандырууга багытталган.

**Баалоо критерийлери**

1.1. НКББПнын билим берүү уюмунун миссиясына жана эмгек рыногунун талаптарына жооп берген так аныкталган билим берүү максаттарына жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларына ээ. НББПнын бүтүрүүчүсүнүн модели иштелип чыккан.

1.2. Окуу жүктөмү, окуу ишинин эмгек сыйымдуулугу билим берүү тармагындагы КР ченемдик документтерине ылайык келет.

1.3. НКББП теорияны жана практиканы натыйжалуу интеграциялап, студенттердин практиканын, стажировкалардын бардык зарыл түрлөрүнө жана окутуунун башка түрлөрүнө ээ.

1.4. НКББП мазмунга үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүнү жана аны жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыз кылат, анын ичинде билим алуучулардын жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жава канааттануусун мезгил-мезгили менен баалоо.

1.5. НКББПнын билим берүү процессинде инновациялык окуу-методикалык ресурстарды жана технологияларды колдонот. Билим берүү уюму окутуунун ар кандай формаларын жана ыкмаларын колдонууну камсыз кылууга тийиш.

1.6. НКББПнын окуучулардын ар кандай топторун, алардын муктаждыктарын аныктайт, аларга ийкемдүү окуу траекторияларын берет жана кошумча билим берүү кызматтарын уюштурат.

**Стандарт 2 «Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу»**

Билим берүү уюму кабыл алууну, таанууну жана тастыктоону жөнгө салуучу аныкталган, жарыяланган жана ырааттуу колдонулуучу эрежелерди көрсөтүүгө тийиш.

**Баалоо критерийлери**

2.1. НКББП билим алуучуларды кабыл алуу эрежелеринин жана процесстеринин ачык-айкындыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылат.

2.2. НКББП билим алуучуларга билим траекториясын калыптандурууга (тандоого), академиялык мобилдүүлүккө жана карьералык өсүшкө жардам берет.

2.3. НКББП мурунку билим берүүнүн квалификациясын, мезгилдерин жана окутуунун натыйжаларын объективдуу таанууну камсыз кылат.

2.4. НКББП жарнак жана маалымат таркатуу боюнча бирдиктүү саясатты жүргүзөт. Келечектеги абитуриенттер жана кесипкөй ишканалар менен иштөөнүн жакшы иштеген системасы бар.

**Стандарт 3 «Окуучуга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо»**

Билим берүү уюму студенттерди окуу процессин биргелешип түзүүдө активдүү роль ойноого үндөгөн билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыздайт жана окуучулардын ишин баалоо бул ыкманы чагылдырат. Билимди баалоо ар бир окуучунун окуу максаттарына жетишүүсүнө объективдүү баа бериши керек. НКББП кесиптик компетенттүүлүктү калыптандырууга көмөктөшүүчү жана студенттердин жеке муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алган окуу чөйрөсүн түзөт.

**Баалоо критерийлери**

3.1. НКББП педагогикалык методдорду, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана тууралоо үчүн окуучулардын үзгүлтүксүз кайтарым байланышын колдонот.

3.2. НКББП баалоонун критерийлеринин жана методдорунун, контролдоонун күтүлүп жаткан түрлөрүнүн, баалоонун натыйжаларына апелляция берүү жол-жоболорунун жеткиликтүүлүгүн жана ачык-айкындыгын камсыз кылат.

3.3. НКББП билим алуучулардын окуусун таштап кетүү себептерине дайыма талдоо жүргүзүт, алардын окуудагы жетишкендиктери жана бекемделиши боюнча чараларды көрөт.

3.4. НКББП окуучулардын ар кандай топторунун муктаждыктарын эске алуу менен ишке ашырылат. НКББП окутуунун жана контролдун заманбап, инновациялык ыкмаларын колдонуу менен билим берүү процессинин интеграцияланган маалыматтык системасына ээ болууга тийиш.

3.5. НКББП студенттердин окуу жүктөмүнө, окуу көрсөткүчтөрүнө жана бүтүрүүсүнө, бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна жана кесиптик ишмердигине мониторинг жүргүзөт. Активдүү бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын/союздун болушу.

**Стандарт 4 «Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал»**

ОКОЖ өзүнүн окутуучуларынын компетенттүүлүгүнө ишениши керек. ОКОЖ өз кызматкерлеринин кесиптик деңгээлин жогорулатууда жана ишке алууда адилеттүү жана ачык-айкын процесстерди колдонууга тийиш. ОКОЖ профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясы билим берүү программаларынын керектөөлөрүнө жооп беришин камсыз кылууга тийиш.

**Баалоо критерийлери**

4.1. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын курамы, квалификациясы, билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим берүү программасына жана эмгек мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келет.

4.2. НКББПда педагогдорду тандоо, мотивациялоо жана бекитүү үчүн, ошондой эле педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын инновациялык

билим берүү методдору жана технологиялары боюнча квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу үчүн шарттар түзүлдү.

4.3. Педагогдор окуу куралдарын, окуу китептерин жана башка методикалык иштеп чыгууларды үзгүлтүксүз чыгарат жана өркүндөтөт.

4.4. НКББПнын билим алуучулары тийиштүү адам ресурстары менен камсыз кылынды (кураторлор, академиялык кеңешчилер, жатаканадагы тарбиячылар).

4.5. ОКОЖ профессордук-окутуучулук курамдын ишмердүүлүгүнө мониторингди камсыз кылууга тийиш. Окутуунун сапатын баалоонун ар кандай механизмдерин уюштуруу (студенттерге суроо берүү, профессордук-окутуучулук курамдын сабактарына катышуу).

4.6. ОКОЖ атайын ыкмалар аркылуу профессордук-окутуучулар курамынын канааттануусуна мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылууга тийиш. ОКОЖдун жетекчилиги ар кандай маселелер боюнча профессордук-окутуучулар курамынын суроо-талаптарына жооп бериши керек.

**Стандарт 5 «Материалдык жана маалыматтык ресурстар»**

ОКОЖ жетишерлик жана окуу максаттарына ылайыктуу болгон жетиштүү окуу ресурстарынын жана студенттерди колдоо кызматтарынын болушун камсыз кылууга тийиш. Программаларды ишке ашыруунун ыкмалары студенттерди окуу процессин биргелешип курууда активдүү роль ойноого түрткү бериши керек. ОКОЖ студенттерди, профессордук-окутуучулар курамын, иш берүүчүлөрдү жана башка кызыкдар тараптарды тартуу жана маалымдуулук принциптеринин негизинде ишке ашырылып жаткан ишмердүүлүгү, алардын демилгеси, тынымсыз өнүгүүсү жана өзгөрүлүп жаткан шарттарга ыңгайлашуусу жөнүндө коомчулукка маалымдоого тийиш.

**Баалоо критерийлери**

5.1. ОКОЖ өзүнүн ишинин өзгөчөлүктөрүнө, анын ичинде билим берүү программаларын жана дистанттык окутууну ишке ашырууга ОКОЖдун инфраструктурасынын ылайык келерин көрсөтүшү керек. Аудиториялар, лабораториялар, байланыш жана компьютердик жабдуулар, окуу полигондору, технопарктар жогорку талаптарга жооп бериши керек. НКББП жалпы коомчулукту жана кызыкдар тараптарды маалымдоо үчүн маалыматты таратуунун ар кандай ыкмаларын (анын ичинде ММК, веб-ресурс, маалымат тармактары, ОКОЖдун веб-сайты ж.б.) колдонушу керек.

5.2. ОКОЖ окуу процессинде коопсуздук талаптарынын жана санитардык-гигиеналык ченемдердин сакталышын камсыз кылууга тийиш.

5.3. ОКОЖ студенттердин сабактан тышкаркы иштери үчүн эң ыңгайлуу шарттарды түзүүгө тийиш. Студенттерге төмөндөгүдөй кызмат көрсөтүүлөрү тийиш: ашкана, жатакана, компьютердик борбор, китепкана, окуу залдары, спорт залдары, стадион, медпункт ж.б.

5.4. ОКОЖ студенттерге ар кандай студенттик уюмдарды, форумдарды, онлайн коомдоштуктарды ж.б. түзүү аркылуу бири-бири менен баарлашуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш.
5.5. Окуучуларды социалдык жактан колдоо системасы бар. Бул системанын негизги принциптери жана жоболору документтештирилген жана кызыкдар тараптарга, анын ичинде бүтүндөй коомго жеткиликтүү. Түзүлгөн социалдык колдоо кызматы бул багыттагы иштерди координациялайт.

**7. ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ ЖАНА ТОЛУКТООЛОРДУ КИРГИЗҮҮНҮН ТАРТИБИ**

7.1 Учурдагы аккредитациялоо стандартына аны мындан ары өркүндөтүү максатында өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилүүдө.
7.2 АРТКИ стандартка өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизет.
7.3 Билим берүү уюмдары жана башка кызыкдар органдар колдонуудагы стандарттарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү демилгесин көтөргөн учурда, сунуштар жана сын-пикирлер АРТКИге жиберилет.
7.4 АРТКИ келип түшкөн сунуштарга жана сын-пикирлерге алардын негиздүүлүгүнө жана максатка ылайыктуулугуна белгиленген тартипте экспертиза жүргүзөт.
7.5 Аккредитациялоонун колдонуудагы стандартына өзгөртүүлөр жана толуктоолор, алар бекитилгенден кийин АРТКИнин директорунун буйругу менен өзгөртүүлөр менен жаңы редакцияда же колдонуудагы стандартка кошумча брошюра түрүндө бекитилет.

**8. АДАБИЯТ**


1. Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы № 179 “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамы.
2. 2021-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы.
3. 2021-2040-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы.
4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майдагы № 200 “Кыргыз Республикасында 2021-2040-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү программасын бекитүү тууралуу” токтому.
5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майдагы No 246 “Билим берүү тармагындагы аккредитациялоо боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү тууралуу” токтому.
6. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты.
7. ECTS (Европалык кредиттерди которуу жана топтоо системасы) колдонуу боюнча колдонмо. - Европа Биримдигинин Басылмалар кеңсеси, 2015-жыл, ISBN 978-92-79-43562-1 (2015-жылдын 14-15-майында билим берүү министрлеринин Ереван конференциясында бекитилген).